УДК: 372(07)

Карагозуева Г.Ж.
*Кыргыз билим берүү академиясы*

# КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУ АРКЫЛУУ ЭТНОМАДАНИЯТЫНА ТАРБИЯЛОО

*Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы, маданияты табигый өсүү генезис аркылуу балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн, б.а., психологиясынын өсүшүнө жардам берет. Балдарга арналган чыгармалар адам, анын жашоо-тиричилиги, жаратылыш, коом, эмгек, кулк-мүнөз ж.б. жөнүндөгү түшүнүктөрүн өстүрүп, тарбиянын бардык элементтерин үйрөтөт. Ар бир улуттун фольклорунда жанр жана термин маселелери илимий жактан эбак такталып калыптанган. Макалада жаш муунду тарбиялоодо элдик традициянын этнопедагогикалык булактарын пайдаланып, өткөндүн сабактарын, тарыхын практикалык жактан колдонуу керектиги баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз фольклору, этномаданият, тарбия, окуу процесси, маданият, жанр, элдик оозеки чыгарма.*

*Кыргызское народное устное творчество через естественный рост генезиса культуры оказывает помощь художественному мышлению детей, т.е. развивает их психологию. Произведения, посвященные детству, развивая понятия о человеке, характере и его жизни, природе, обществе, труде и др. обучают всем элементам воспитания. В фольклоре каждой нации вопросы жанра и терминов давно уточнены и научно сформированы. В статье опасывается необходимость практического использования в воспитании подрастающего поколения этнопедагогических источников народных традиций, истории и уроков прошлого.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызский фольклор, процесс, культура, образование, жанр, устные произведения культуры.*

*Kyrgyz folklore through the natural growth of the genesis of culture assists the artistic thinking of children, i.e. develops their psychology. Works devoted to childhood, developing concepts about a person, his nature and life, nature, society, labor, etc. teach all the elements of education. In the folklore of each nation, the questions of the genre and terms have long been refined and scientifically formed. The article describes the need for practical use in the education of the younger generation of ethno-pedagogical sources of folk traditions, history and lessons of the past.*

***Key words:*** *the Kyrgyz Folklore, process, culture, education, genre, oral work.*

Кыргыз элинин жаралуу, өнүгүү тарыхы канчалык терең болсо, анын элдик оозеки чыгармачылыгы, фольклору, маданияты да ошончолук терең экендиги маалым. Элдик оозеки чыгармачылыктын ажырагыс бир бөлүгү болгон кыргыз фольклору узак мезгилдер бою калыптанып, түрдүү коомдук формацияны басып өтүп, кыргыз улутунун маданиятын, этнографиясын, этнопедагогикасын, этнопсихологиясын, этномаданиятын, тарыхын өз боюна сиңирген.

Оозеки поэтикалык чыгармачылык жанрынын көп түрдүүлүгү, образдуулугу менен жалпы оозеки чыгармачылыктын салттуу, туруктуу формасы катары жашап келе жатат. Ошондой эле адам баласынын дүйнө таанып-билүүчүлүк процессинде негизги ролду ойнойт.

Кыргыз фольклору элдик оозеки чыгармачылыктын өсүү жолун, генетикасын изилдөөдө бирден бир маанилүү булактардан болуп эсептелет. Ар бир фольклордук чыгарма өзүнүн пайда болуу жана өсүү жолунда ошол элдин улуттук көз карашын, салт-санаасын, этномаданиятын чагылдырат. Кандай гана болбосун, көлөмүнө, чагылдыруу, баяндоо процессинин өзгөчөлүгүнө карабастан, өзүнчө бир бүтүн ойго, философиялык жыйынтыкка ээ. Фольклордогу бай образдар, тема, мотивдер, формалар, түрдүү элементтер, турмуштук көрүнүштөр, жогорку көркөмдүктө өздөштүрүлүп, жеке жана коллективдүү чыгармачылыктын татаал диалектикалык биримдигинде пайда болору анык.

Көптөгөн изилдөөлөрдө балдар фольклорунун бардык жанрлары, түрлөрү изилдөө объектисине айланып, элдик оозеки чыгармачылыктагы орду, тарбиялык мааниси,

аткарган кызматы белгиленип жүрөт. Кыргыз фольклору үйдө, бакчада, мектепте, ЖОЖдо этнопедагогикада, этнопсихологияда этномаданиятына тарбия берүүнүн негизги каражаттарынын бири болуп кызмат кылат. Балдар фольклорунун табигый өсүү генезиси аркылуу балдардын көркөм ой жүгүртүүсүнүн өсүшүн байкоого болот. Балдарга арналган чыгармалар адам, анын жашоо-тиричилиги, жаратылыш, коом эмгек, кулк-мүнөз ж.б. жөнүндөгү түшүнүктөрүн өстүрүп, тарбиянын бардык элементтерин үйрөтөт.

Советтик фольклористика илиминде элдик чыгармалардын ар бир жанры алгач жеке-жеке изилденип отуруп, анан жалпылаштырылган жана илимий проблема келип чыккан.

Кайсы эл болбосун, өзүнүн фольклористика илиминде балдар чыгармачылыгына өзгөчө көңүл бөлүп, аны изилдөөнүн жалпы методологиялык принцибине таянып, изилдөө иштерин жүргүзөт. Ар бир улуттун фольклорунда жанр, термин маселелери да илимий жактан эбак такталып калыптанган. Жаш муунду тарбиялоодо элдик традициянын этнопедагогикалык булактарын пайдаланып, өткөндүн сабактарын, тарыхын практикалык жактан колдонуу керек.

Турмушта бала төрёлгөндөн баштап көркөм сөз өнөрүнүн жардамы менен тарбиялайбыз. Азырынча аны алмаштыруучу метод табыла элек. Азыр айрым эксперименттик, элеттик мектептер тарбиялоонун жана билим берүүнүн негизин элдик салтка, этнографияга, фольклорго тыгыз байланыштырып жатышат. Педагог-окумуштуу А.Э.Измайлов элдик педагогикага өзгөчө маани берип, педагогикалык билим берүү системасына фундаменталдуу эмгектерди тартуулап келе жатат. «Народная педагогика как составная часть коллективного народного творчества, как проявление педагогической культуры масс зародилась в глубокой древности. Она олицетворяет собой думы и чаяния народа, отражает его идеалы, воззрения, представления о человеке, семье, детях, о воспитании подрастающего покаления. В созданных человеком, передаваемых их покаления в покаление бытующих до наших дней своеобразных миниатюрах (поговорках, сказки, легенды, песни, прикладное декоративное искусство) нашло свое яркое выражение неоценимое богатство педагогической культуры народов» - деген. Чындыгында, элдик поэтикалык мурастар, анын ичинде кыргыз фольклорунун бардык жанры тарбиялоонун, окутуунун негизги куралы болуп эсептелет. Дүйнөлүк процесстин мазмуну болгон эки башталыштын – жакшылык менен жамандыктын ортосундагы түбөлүк күрөш жана жакшылыктын жеңиши туурасындагы канон алгач элдик поэтикалык мурастарда чагылдырылган. Демек, өзүнүн түпкүлүктүү терең философиясы менен «фольклор – универсалдуу педагогикалык система» катары кабыл алынган.

Кыргыз фольклорун актуалдуулугу жеке эле тарыхый-фольклордук планда эмес, профессионалдык адабияттын теориясын, тарыхын, этнопедагогика, этнопсихология, этномаданияттарынын проблемасын ар тараптуу изилдөөдө да терең мааниге ээ. Анын үстүнө, бүгүнкү күндө мурдатан калыптанган мектеп системасын, окутуу методикалык программасын өзгөртүп, жеке чыгармачылыгына, интеллектуалдык ой жүгүртүүсүнө көңүл бурууга мезгил жетти. Элдик педагогиканын принциптерин, улуттун салттык мурасын, фольклорун терең үйрөнбөй туруп, максатка жетүүгө болбойт.

Кыргыз оозеки чыгармачылыгында кыргыз фольклорунун алган орду, генетикалык өсүп-өнүгүү жолу, жанрдык составы, өзүнө мүнөздүү касиет-сапаты бар. Фольклор жыйноо ишинде эл арасынан тарбияга арналган чыгармалардын үлгүлөрү традициялуу фольклор менен бирге жыйналып, жазылып алынган. Жыйналган материалдардын ичинде кыргыз фольклорунун дээрлик бардык жанрлары бар. Ошондой эле этномаданиятка, тарбияга арналган чыгармалардын үлгүлөрү топтолгон кээ бир жыйнактардын баш сөзүндө, мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган макалаларда кыргыз фольклорунун түрлөрү, тарбиялык мааниси жөнүндө жазылып жүргөнү маалым.

Кыргыз элдик оозеки чыгармаларын жыйноо, изилдөөгө 19-кылымдын экинчи жарымынан баштап чыйыр салынат. Айрыкча, 20-кылымдын 20-жылдары фольклор жыйноо иши колго алынат. Кыргыз фольклорунун тарыхына көз чаптырганда, В.В.Радлов, Ч.Валиханов, А.Алмаши, М.Ауэзов, В.М.Жирмунский, К.Мифтаков, К.Рахматуллин, М.Богданова, Б.Юнусалиев, Ы.Абдырахмановдордун ысымын, кыргыз фольклористика илимине кошкон салымын эскербей коюуга болбойт.

Фольклор жыйноо ишинде К.Мифтаков, Тоголок Молдо, Ы.Абдырахмановдун эмгеги чоң.

Кыргыз фольклорунун, анын ичинде балдарга арналган чыгармаларды жыйноо ишинде Тоголок Молдо зор эмгек жумшап, элдик оозеки чыгармачылыкка да, профессионал адабиятка да өлбөс-өчпөс мурас калтырды. Кийинки муундагы фолклорист окумуштуулар алардын ишин улантып, кыргыз фольклористика илими үчүн зор салым кошушту.

Кыргыз фольклору жалпы элдик оозеки чыгармачылыктын ичинде дайыма өнүгүүдө болгон. Анын көптөгөн жанрлары «чоңдордун» фольклорунан ассимиляцияланган. Кыргыз фольклорунун чегин ажыратып, көлөмүн аныктап, эстетикалык маани-маңызын түшүнүү үчүн кыргыз фольклорунун негизи булагы болгон традициялуу фольклордук чыгармаларды көз алдыга келтирип, баамга алуу зарыл. Бул экөөндө кезиккен сюжеттерди, мотивдерди, образдарды салыштырып караганда гана кыргыз фольклорундагы жанрлардын сюжеттик-тематикалык составынын калыптанышын көрүүгө болот.

Кыргыз чыгармаларынын репертуары өтө бай, көп түрдүү. Кыргыз фольклорунун традициялуу фольклордон ажыратып кароо кыйын. Ар бир жанр кыргыздын табиятына жараша өзгөрүүгө дуушар болгон.

Кыргыз фольклору аркылуу кылдаттык менен жаман-жакшыны ажырата биле баштаган учурунда, жакындарынын пейлин түшүнөт, аларда адилеттүү жана өзүнүн кадырын сактоо өнүккөн болот. Бул сезим өзгөчө окуучуларда күчтүү. Өздөрүнүн күчүнө жана тажрыйбасына көбүрөөк баа берүү менен, инсандын иши оңунан чыкпайт. Бул жерде коркунучтуу эчтеке деле жок. Ошондуктан алардын демилгесинин жана күч-кубатынын нормалдуу өсүшүнө тоскоолдук кылбоо керек. Алардын ийгиликтерин өз убактысында белгилеп, аракетин мактоо өтө маанилүү. Эгерде катасы болсо, ал үчүн какшыктап, кекетип, шылдыңдоого болбойт. Ар тарабынан оройлук жана тарбиясыздык болушу инсандын мүнөзүнө ишенимсиздикти, кежирдикти, көңүлсүздүктү жана өзүнө ишенбөөчүлүктү жаратат.

Инсандын өзүнчө эркин болуу аракетин ата-эне, айлана-чөйрө, жоро-жолдоштор ар тараптан колдойт. Кыйынчылыкты жеңүү үчүн өзүнүн күч-кубатын сыноого, өзүнүн жеңилишинин кубанычын башынан өткөрүүгө ошону менен бирге эркин жана сезимин чыңдоого ага мүмкүнчүлүк берет. Инсандын башкы иши окуу болуп, анын турмушундагы бардык иштер ага байланыштуу болот. Кечээ эле инсандын шарттуу көңүл буруусу, өзүнүн оюн бир жерге топтой билип угуусу жана эмгектенүүсү дагы да, чөйрөнүн алмашышына жана тарбиячылардын талабынын өзгөрүшүнө көнүү инсанга жеңил эмес. Бир туугандар, жоро-жолдоштор менен бирдикте ата-эне ага жаңы шартка көнүүгө жардам берет. Кылдаттык жана этномаданияттын негизинде тарбиялоо өзгөчө зарыл. Эгерде окуу сыяктуу кыйын иште ата-эне камкор дос болсо, анда инсан өзүнүн оюн, кубанычын жана кайгысын ортого салышат, бул аларды рухий жактан жакындатат. Ата-энелердин жакшы, достук мамилесине инсан да ошондой эле мамиле менен жооп кайтарып, боорукер болууга, коом койгон талабын аткарууга аракеттенишет. Мындай мамиле үй-бүлөдө кыйынчылыктын жана келишпөөчүлүктүн болушуна жол бербейт.

**Адабияттар:**

1. Адеп сабагы: Жалпы билим берүүчү мектептердин 1-11-кл. үчүн окуу программасы. -Б.: «Тас», 2004. -60 б.
2. Измайлов А.Э. Формирование нравственных идеалов учащихся. - Фрунзе: Мектеп, 1977.
3. Концепция воспитания школьников Кыргызской Республики // Утверждено Решением коллегии Министерства образования и культуры КР №2/5 от 25 марта 2002 г // Кут билим. -2002г. -20 декабря. -№42.
4. 2010- жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы. –Б.,2000.
5. «Энелер мектеби» альтернативдүү программа. -Б.,2002.
6. Айтматов Ч.Т. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. / Китепте: Манас: Эпос // Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. -Ф.: Кыргызстан, 1979. Китеп.1.
7. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк. -Б.,1996. -69 б.
8. Волков Г.Н. Этнопедагогика. -Чебоксары: Чувашкнигоиздат, 1974.- 207
9. Измайлов А.Э. Очерки по истории педагогики. Учебное пособие. -Б.., 1998.
10. Имаева Н.И. Проблемы нравственного воспитания в киргизской народной педагогике // Русский язык в киргизской школе. —1973. -№5-6. 1
11. М. Р. Рахимова, Т. В. Панкова. Кыргыз элдик педагогикасы //Окуу-усулдук колдонмо. - Б., 1993. -82 б.
12. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. / Түзгөн К.Жусупов -Б.: «Кыргызстан-Сорос» фондусу, 1999. 1-том. -794 б.
13. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын очерки. -Ф.: Илим, 1973. -786 б.
14. Рахимова М.Р., Панкова Т.В. Калдыбаева А.Т. Педагогика тарыхынын очерктери. - Б., 1997. 388 б.